# Китепкана боюнча маалымат.

№35 Ш. Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин китепканасы мектеп корпусунан сырткарысында жайланышкан.
Китепкана 2000-жылы ашар жолунда курулган жана 1 бөлмөдөн турат. Узундугу 7-метр туурасы 5-метр. ичкериде атайын китептер туруучу стеляждар жайлашкан. Ошондой эле, шкафтар, стол, стул парталар, 1-штук компютер принтери менен орун алган. Алгач китепканада 1990-жылдан баштап 2017-жылга чейин Орозалиева Шарапат эжеке иштеген.

2018-жылдан 2021- жылга чейин Маматова Аида эжеке иштеген. Ал эми 2021-жылдын Январ айынан баштап Кадырова Гүлзат эжеке иштеп келе жатат.

Китепкананын фонду Д-10 отчету боюнча: 2018-2019 окуу жылында 4022.
2019-2020 окуу жылында 3801.
2020-2021 окуу жылында 4019.
2021-2022 окуу жылында 4029.
2022-2023 окуу жылында 4110.

Көркөм адабият китептер: 2018-2019 окуу жылында 79.
2019-2020 окуу жылында 247.
2020-2021 окуу жылында 251.
2021-2022 окуу жылында 330.
2022-2023 окуу жылында 330.

Усулдук китептер: 2018-2019 окуу жылында 243
2019-2020 окуу жылында 261
2020-2021 окуу жылында 279
2021-2022 окуу жылында 282

Ал эми көркөм адабий, жана балдар үчүн жомок китептери, газета журналдар китепканадан орун алган. Окуучулар өздөрүнө керектүү болгон маалыматтарды издеп таап, жаздырып алып кетип окушат. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо китептери да орун алган. Жумушуна керектүү болгон китептерди эжекелер жазылып жылдын акырына чейин алып окушат. Окуу жылдын башында класс жетекчи менен биргеликте китепканачы окуучулар үчүн окуу китептерди таркатат. Жыл ичинде китепти таза кармап, кирдетпей, айрыбай окуп кайра жыл аягында китептерди ремонттоп таза тапшырууну боюнча маалымат берет. Үйдө олтурган кожейке аталар, апалар, эже синди жана пенсия жашындагы адамдар да китепканага келишип өздөрү үчүн керектүү китептерди алып окуп турушат.
Мектепте кандай иш чара болбосун китепканачы да мугалимдер менен биргеликте иш алып барат. Даталуу күндөрдө, конкурс, адабий кече, тегерек стол, ж.б кечелерде.

Китепканачы келген окурмандарга жылуу мамиле менен тосуп алып керектүү китептерин издеп, алып берип ал тууарасында кеңири маалымат берип турат. Ошондой эле РББ нөн да биздин китепканага окуучулар үчүн окуу китептери жана балдар үчүн жомок китептер, келип турат.